# САПАТТЫ КОНТРОЛДООНУН, АУДИТТИН ЖАНА ОБЗОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН, ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ БАШКА ТАПШЫРМАЛАРДЫН ЖАНА КОШТООЧУ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БОЮНЧА БИЛДИРҮҮЛӨРДҮН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРЫНЫН ЖЫЙНАГЫНЫН БАШ СӨЗҮ

**(2011-жылдын 15-декабрынан тартып күчүнө кирет)**

## МАЗМУНУ


| | Пункт |
| --- | --- |
| **Киришүү** ........................................ | 1–2 |
| **Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттары жана документтери** ........................................ | 3–4 |
| Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин расмий стандарттары жана документтери ........................................ | 3–4 |
| **Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялаган эл аралык стандарттардын колдонулуу чөйрөсү** ........................................ | 5–17 |
| Аудиттин эл аралык стандарттары ........................................ | 11 |
| Сапатты контролдоонун эл аралык стандарттары........................................ | 12 |
| Башка эл аралык стандарттар ........................................ | 13–16 |
| Кесипкөй ой жүгүртүү ........................................ | 17 |
| Эл аралык стандарттарды колдонуу тармагы........................................ | 18–19 |
| **Расмий эмес материалдар** ........................................ | 20–22 |
| Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчеттор ........................................ | 21–22 |
| Башка эл аралык стандарттарга тиешелүү практикалык түшүндүрмөлөр | 23 |
| Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин кызматкерлеринин жарыялоолору . | 24 |
| **Тил** ........................................ | 25 |




PREFACE

# Киришүү

1. *Сапатты контролдоонун, аудиттин жана обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынынын* баш сөзү Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин жалпы жоболорунда баяндалгандай, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялаган стандарттарды жана документтерди колдонуу тармагын жана колдонуу чөйрөсүн түшүнүүгө көмөктөшүүгө арналган.

2. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин максаты болуп эл аралык стандарттардын жана бүткүл дүйнөдө кабыл алына турган башка документтердин системасын иштеп чыгуу саналат. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин мүчөлөрү бүтүндөй алганда, коомдун жана дүйнөлүк масштабда бухгалтердик кесиптин кызыкчылыктарында аракеттенишет. Натыйжада Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин мүчөлөрүнүн кандайдыр-бир маселе боюнча ишенимди камсыз кылуучу позициясы алардын өлкөсүндө же аудитордук уюмда кабыл алынган практикага же Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш мүчөлүккө алардын талапкерлигин көрсөткөндөрдүн ишенимди камсыз кылуучу позициясына карама-каршы келиши мүмкүн.

## Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттары жана документтери

### Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин расмий стандарттары жана документтери

3. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттары жана документтери эл аралык стандарттарга ылайык аткарылуучу аудитордук жана обзордук текшерүүлөрдү, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмаларды жөнгө салат. Алар өткөн мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудитин же кандайдыр-бир айрым өлкөдө башка маалымат жагынан ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды жөнгө салган жана аларды ушул өлкөнүн улуттук стандарттарына ылайык сактоо зарыл болгон жергиликтүү мыйзамдардын же ченемдик актылардын алдында

артыкчылыкка ээ эмес. Эгерде жергиликтүү мыйзамдардын же жөнгө салуунун талаптары Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттарынын талаптарынан айырмаланса же болбосо аларга кандайдыр-бир маселеде карама-каршы келсе, жергиликтүү мыйзамдарга же ченемдик актыларга ылайык аткарылып жаткан тапшырма Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттарына өзүнөн-өзү шайкеш келбейт. Ал кандайдыр-бир конкреттүү тапшырмага карата колдонулуучу Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин бардык стандарттарынын талаптарын толук аткарган учурларды кошпогондо, кесипкөй бухгалтер Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин стандарттарына шайкештик жөнүндө билдирүүгө тийиш эмес

4. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин расмий стандарттары – бул Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан белгилеген стандарттарды жактыруу жана чыгаруу жол-жоболору аяктагандан кийин жарыяланган эл аралык стандарттар.

## Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялаган эл аралык стандарттардын колдонулуу чөйрөсү

5. Аудиттин эл аралык стандарттары (АЭС) өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматтын аудитине карата колдонулууга тийиш.

6. Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарттары (ОТЭС) өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматтын обзордук текшерүүлөрүнө карата колдонулууга тийиш.

7. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары (ИКТЭС) өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматтын аудитин жана обзордук текшерүүлөрүн кошпогондо, ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга карата колдонулууга тийиш.

8. Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарттары (ККЭС) финансылык маалыматты компиляциялоо боюнча тапшырмаларга, макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмаларга жана Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин аныктамаларына ылайык, коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча башка тапшырмаларга карата колдонулууга тийиш.

9. АЭС, ОТЭС, ИКТЭС жана ККЭС биригип Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин тапшырмаларын аткаруунун стандарттары деп аталат.

10. Сапатты контролдоонун эл аралык стандарттары (СКЭС) Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин тапшырмаларын аткаруунун стандарттарынын аракети жайылтылган бардык кызмат көрсөтүүлөргө карата колдонулууга тийиш.

### Аудиттин эл аралык стандарттары

11. АЭС көз карандысыз аудитор жүргүзгөн финансылык отчеттуулуктун аудитине[1] карата колдонууга арналган. Өткөн мезгилдердеги башка финансылык маалыматтын аудитине карата колдонуу учурунда алар жагдайга ылайык адаптацияланууга тийиш. АЭСти колдонуу чөйрөсү АЭС 200дө[2] сүрөттөлгөн.

### Сапаттты контролдоонун эл аралык стандарттары (СКЭС)

12. СКЭС аудитордук уюмдар өздөрү берген, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин тапшырмаларын аткаруунун стандарттары аныктамасына туура келген бардык кызмат көрсөтүүлөргө карата колдонулуу үчүн арналган. СКЭСти колдонуу чөйрөсү СКЭСке киришүүдө сүрөттөлгөн.

### Башка эл аралык стандарттар

13. 6-8-пункттарда көрсөтүлгөн айрым эл аралык стандарттар максаттар жана талаптар жөнүндө маалыматты, колдонуу боюнча колдонмону жана башка түшүндүрүүчү материалдарды, ошондой эле киришүү жол-жоболорун жана аныктамаларды камтыйт. Бул терминдер АЭС 200гө ылайык финансылык отчеттуулуктун аудитинин учурунда Аудиттин эл аралык стандарттарынын контекстинде түшүндүрүлгөнгө окшош чечмеленүүгө тийиш.

14. 6-8-пункттарда көрсөтүлгөн башка эл аралык стандарттар негизги принциптерди жана милдеттүү жол-жоболорду (текстте жарым-жартылай коюу шрифт менен бөлүп көрсөтүлгөн жана «керек», «тийиш» деген сөздөр менен белгиленген), ошондой эле түшүндүрүүчү жана башка материалдар түрүндөгү тиешелүү көрсөтмөлөрдү, анын ичинде тиркемелерди камтыйт. Негизги принциптер жана милдеттүү

---

1 Эгерде башка көрсөтмөлөр жок болсо, «финансылык отчеттуулук» термини өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын камтыган финансылык отчеттуулукту билдирет.

2 *АЭС 200 «Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудитти жүргүзүү”*

жол-жоболор аларды колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү камтыган түшүндүрүүчү жана башка материалдардын контекстинде чечмеленүүгө жана колдонулууга тийиш. Ошондуктан негизги принциптерди жана милдеттүү жол-жоболорду түшүнүү жана колдонуу үчүн стандарттын бүткүл текстин үйрөнүү зарыл.

15. Стандарттын негизги принциптери жана милдеттүү жол-жоболору алар тапшырманын конкреттүү шарттарында орундуу болуп саналган бардык учурларда колдонулууга тийиш. Бирок өзгөчө жагдайларда кесипкөй бухгалтер ушундай жол-жобонун максатына жетүү үчүн тиешелүү милдеттүү жол-жободон четтөө зарыл деп эсептеши мүмкүн. Мындай кырдаал келип чыккан учурда кесипкөй бухгалтер аткарылган альтернативдүү жол-жоболор кандай түрдө милдеттүү жол-жобонун максатына жетээрин жана, эгерде кийинкиси айкын болуп саналбаса, мындай четтөөнүн себептерин документтештирүүгө милдеттүү. Кесипкөй бухгалтер таянган тиешелүү милдеттүү жол-жободон четтөө зарылчылыгы мындай жол-жобо тапшырманын конкреттүү жагдайларында натыйжасыз болуп кала турган учурда гана келип чыгышы мүмкүн.

16. Пайдалануу боюнча колдонмонун бир бөлүгүн түзгөн тиркемелер стандарттын ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. Тиркемелердин максаты жана багыты тиешелүү стандарттын негизги бөлүгүндө же тиркеменин өзүнүн аталышында жана анын киришүүсүндө түшүндүрүлөт.

**Кесипкөй ой жүгүртүү**

17. Эл аралык стандарттардын мүнөзү кесипкөй бухгалтер аларды колдонуу учурунда кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонушун талап кылат.

**Эл аралык стандарттардын колдонулушу**

18. Кандайдыр-бир стандартты колдонуу тармагы, күчүнө киришинин датасы жана колдонуудагы ар кандай чектөөлөр стандарттын текстинде так жазылган. Эгерде эл аралык стандарт башка көрсөтмөлөрдү камтыбаса, кесипкөй бухгалтерге эл аралык стандартты стандартта көрсөтүлгөн күчүнө кирүү күнүнө чейин колдонууга уруксат берилет.

19. Эл аралык стандарттар мамлекеттик сектордо аткарылуучу тапшырмаларга карата колдонулат. Мамлекеттик сектордогу ишканаларга мүнөздүү болгон кошумча аспекттер мындай учурларда төмөнкүлөргө киргизилген:

(a) АЭС жана СКЭС жагынан эл аралык стандарттын текстине; же

(b) башка эл аралык стандарттардын аягында жайгашкан «Мамлекеттик сектордо колдонуу» (МСК) бөлүмүнө.

PREFACE

## Расмий эмес материалдар

20. Расмий эмес материалдар Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялай турган Колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчетторду жана бул кеңештин кызматкерлери жарыялай турган материалдарды камтыйт. Расмий эмес материалдар Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялай турган эл аралык стандарттардын бир бөлүгү болуп саналбайт.

### Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчеттор

21. Аудиттин практикасы боюнча эл аралык отчеттор Аудиттин эл аралык стандарттарында камтылгандардан тышкары, аудиторлор үчүн кошумча талаптарды камтыбайт жана алардын аракети ушул аудитордук текшерүүгө жайылтылган бардык Аудиттин эл аралык стандарттарын сактоого аудитордун милдеттерине таасир этпейт. Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчеттор аудиторлорго практикалык жардам көрсөтөт. Алар улуттук стандарттарды иштеп чыгуу үчүн жооп берүүчү аудитордук уюмдар тарабынан таратылууга жана улуттук деңгээлдеги тиешелүү материалдарды даярдоодо колдонулууга тийиш деп болжолдонот. Мындан тышкары, алар окутуунун өз программаларын жана ички нускамалар менен көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу учурунда аудитордук уюмдар колдоно ала турган материалдарды камтыйт.

22. Каралып жаткан маселенин (маселелердин) мүнөзүнө жараша Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчет аудиторго төмөнкүлөрдө жардам бере алат:

- ишкана ишти жүзөгө ашырып жаткан жагдайлардын түшүнүгүн алууда жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо жагынан ой жүгүртүүлөрдү калыптандырууда;
- бааланган тобокелдиктерге жооп иретиндеги чаралар жагынан ой жүгүртүүлөрдү, анын ичинде түзүлгөн жагдайларда аткаруу зарыл болгон жол-жоболор жагынан ой жүгүртүүлөрдү калыптандырууда; же
- отчеттуулук менен байланышкан маселелерди кароодо, анын ичинде финансылык отчеттуулук жөнүндө аудитордук пикирди калыптандырууда жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүдө.

**Башка эл аралык стандарттарды колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчеттор**

23. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш ошондой эле Обзордук текшерүүлөр боюнча эл аралык стандарттарды колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчетторду, Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча эл аралык стандарттарды колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчетторду жана Коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча эл аралык стандарттарды колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчетторду тиешелүү түрдө ОТЭС, ИКТЭС жана ККЭС үчүн максаттагыдай сыяктуу эле чыгара алат.

**Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучутапшырмаларды эл аралык стандарттары боюнча кеңештин кызматкерлеринин жарыялоолору**

24. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш кызматкерлеринин жарыялоолору учурдагы талаптарга жана пайдалануу боюнча колдонмого шилтеме кылуу аркылуу же Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш жарыялаган тиешелүү документтерге, стандарттарга көңүл бурдуруу менен учурдагы жаңы жана келип чыккан маселелер жөнүндө практикалык адистердин маалымдуулугун жогорулатууга жардам берет.

## Тил

25. Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган ар кандай эл аралык стандарттын, Колдонуу практикасы жөнүндө эл аралык отчеттордун, талкуулоо үчүн сунуш кылынган долбоордун же кандайдыр-бир башка басылманын бирден бир расмий тексти болуп Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш англис тилинде жарыялаган текст саналат.